Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

2017-жылдын биринчи чейреги

2017-жылдын июль айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Н. Жениш |
| Кеңештин мүчөлөрү: | А. Айдарова |
| | А. Каракожаев |
| | Н. Садыкова |
| Жооптуу катчы: | К. Кудабаев |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

"Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми" Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизи болуп Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы N206 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамы саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн маалыматтык базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

***Бул басылмада:***

***- 2016-жыл үчүн тике инвестициялар боюнча маалыматтар кайра каралып чыкты;***

***- тышкы соода операциялары боюнча маалыматтарында Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрү кошо эсептелинген;***

***- Улуттук банктын эл аралык камдары боюнча маалыматтар ЭВФ методологиясына ылайык кайра каралып чыккан, аларга ылайык эл аралык камдык активдерде конвертацияланууч валюталардагы активдер гана камтылган. Башка валюталардагы активдер "башка инвестициялар" статьясы боюнча башка активдер катары чагылдырылган;***

***- реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөө үчүн базалык мезгил кайра каралган;***

***- Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 6-басылмасында каралган методологиянын негизинде түзүлгөн Кыргыз Республикасынын аналитикалык берүүдөгү төлөм теңдеминин алдын ала версиясы келтирилген.***

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2017-жылдын 20-июлу**

### **Шарттуу белгилер**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-06 телефондору
(+996 312) 61-52-85, 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: kkudabaev@nbkr.kg

Уюштуруучусу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2017-жыл.
Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

"M-Maxima" басма үйүндө басылып чыгарылды, Бишкек шаары, Горький атындагы көчө, 48/1-б
Тел.: (+996 312) 90 04 35
e-mail: office@maxima.kg

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчетту, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет***
Басылманын максаты болуп кеңири коомчулукка акча-кредит саясатынын максаты жана натыйжалары жөнүндө мезгил-мезгили менен маалымдап туруу саналат. Басылмада, акча-кредит саясатын жана керектөө бааларынын индексинин динамикасын камтуу менен, тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнө жана өлкөдөгү макроэкономикалык абалга талдап-иликтөөлөр, негизги соода өнөктөштөрү болуп келген өлкөлөрдүн, ошондой эле экономиканын реалдуу жана тышкы секторлорунун өнүгүшү, инфляция боюнча орто мөөнөттүк болжолдоолор сунушталат. Чейрек сайын электрондук калыпта кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***
Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

Басылмалар тизмеге ылайык таратылат жана Улуттук банктын www.nbkr.kg дарегиндеги web-сайтында "Басылмалар" бөлүгүндө жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АКУ (SDR) | Атайы карыз алышуу укугу (Special Drawing Rights) |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БФКМ | банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| ДТК | дүң тышкы карыз |
| ЕАЭС | Евразия экономикалык бирлиги |
| ЖТК | жалпы тышкы карыз |
| Жеке ТК | жеке тышкы карыз |
| ИДӨ | ички дүң өнүм |
| КМШ | Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КРӨФРТКМК | Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу финансы рыногун тескөө жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы |
| МТК | мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ПРГФ | Жакырчылыкты азайтуу жана экономикалык өсүштү туруктуу абалга келтирүү механизми |
| РЭАК | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ (CIF) | импортёр-өлкөнүн чегарасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| ТБЭС | коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УБ | Улуттук банк |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| у.с. | ушул сыяктуу |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ФОБ (FOB) | экспортёр-өлкөнүн чегарасындагы баа (free on board) |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фондусу |
| ЭИП | эл аралык инвестициялык позиция |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин күндөлүк абалы** ... 7
**I тиркеме: Таблицалар жана графиктер** ... 27
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө)... 28
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ...36
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ...36
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ...37
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ...37
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ...38
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ...38
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ...39
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ...39
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ...40
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ...42
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун физикалык көлөмү ...44
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун физикалык көлөмү ...45
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ...46
I.14-таблица. Россия Федерациясына товарлардын экспорту ...46
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ...47
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ...48
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ...49
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ...50
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ...51
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ...52
I.21-таблица. БАЭге товарлардын экспорту ...53
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ...54
I.22-таблица. Россия Федерациясынан товарлардын импорту ...54
I.23-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ...55
I.24-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ...56
I.25-таблица. Украинадан товарлардын импорту ...57
I.26-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ...58
I.27-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ...59
I.28-таблица. АКШдан товарлардын импорту ...60
I.29-таблица. Германиядан товарлардын импорту ...61
I.30-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ...62
I.31-таблица. Япониядан товарлардын импорту ...63
I.32-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ...64
I.33-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ...65
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ...66
I.34-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ...67
I.35-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ...69
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ...70
I.37-таблица. Эл аралык камдар ...70
I.38-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ...71
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын жеке тышкы карызынын географиялык түзүмү ...72
I.40-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрлөрү боюнча түзүмү ....73
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы (теңдеми) ...74
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы...75
**II тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары** ... 76

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН КҮНДӨЛҮК АБАЛЫ

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда²)*




2017-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар көлөмү жогорулагандыктан күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы[1] төмөндөп, ИДӨгө карата 9,7 пайыз[2] же 86,4 млн АКШ доллары деңгээлинде терс сальдодо түптөлгөн.

## СООДА БАЛАНСЫ

*Товарлар экспортуна салыштырганда импорт көлөмүнүн кыйла жогорулоосу 2017-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча соода балансынын тартыштыгынын өсүшүн шарттаган.*

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2017-жылдын январь-март айларында Кыргыз Республикасынын ФОБ баасында **соода балансынын терс сальдосу** 2016-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 6,9 пайызга жогорулоо менен 392,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Мында, отчеттук мезгил ичинде ИДӨгө карата көрсөткүч 31,4 пайызды түзгөн.

**Тышкы соода жүгүртүү** ФОБ баасында 2016-жылдын январь-март айларына салыштырганда 19,1 пайызга жогорулап, 1258,2 млн АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн.

Өткөн жылдын январь-март айларына салыштырганда ФОБ баасында **товарлар экспорту** 25,6 пайызга жогорулоо менен 432,7 млн АКШ доллары көлөмүндө калыптанган. Отчеттук мезгил ичинде **алтынды эске алуусуз экспорт** 2016-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 15,1 пайызга көбөйүү менен 282,2 млн АКШ долларын түзгөн.

**Алтынды жана Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске албаганда экспорт** 15,7 пайызга жогорулоо менен 275,3 млн АКШ долларын түзгөн.

[1] Эгерде башка шилтеме келтирилбесе, бул жерде жана мындан ары текст боюнча маалыматтар ЕАЭСке кирген өлкөлөр менен өз ара соодага талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү боюнча УСКнын кошумча баа берүүлөрүн жана Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен көрсөтүлгөн.

[2] Бул жерде жана мындан ары ИДӨгө карата катыш көрсөткүчтөрү акыркы төрт чейректи камтыган өзгөрүлмөлүү жылдык маалыматтардын негизинде эсептелинген.



МАЗМУНУ

**1-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту***
*(млн АКШ долларында)*

| **Аталышы** | **I'13** | **I'14** | **I'15** | **I'16** | **I'17** | **экспортко карата пайыздарда I'17** | **алтынды эске албаганда экспортко карата, пайыздарда I'17** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп экспорт**[1] | **530,5** | **521,7** | **433,2** | **344,4** | **432,7** | **100,0** | **-** |
| Алтын | 92,8 | 168,6 | 256,2 | 99,3 | 150,5 | 34,8 | - |
| Металл кендери жана металл сыныктары | 4,9 | 9,2 | 10,2 | 47,5 | 41,6 | | 14,7 |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | 18,9 | 18,7 | 10,8 | 29,4 | 41,6 | 9,6 | 14,7 |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | – | 6,0 | 6,5 | 27,4 | 38,3 | 8,8 | 13,6 |
| Бут кийим | 0,7 | 2,0 | 0,6 | 11,6 | 31,5 | 7,3 | 11,1 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | 8,7 | 4,9 | 5,9 | 5,3 | 18,6 | 4,3 | 6,6 |
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | 16,4 | 22,6 | 13,2 | 26,6 | 13,0 | 3,0 | 4,6 |
| Авиакеросин[2] | 31,0 | 20,2 | 18,4 | 6,2 | 9,6 | 2,2 | 3,4 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | 7,4 | 5,4 | 4,6 | 6,7 | 6,4 | 1,5 | 2,3 |
| Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек | 6,5 | 3,5 | 1,8 | 1,3 | 5,0 | 1,1 | 1,8 |
| Чоюн жана болот | 5,5 | 6,0 | 0,3 | 3,1 | 4,9 | 1,1 | 1,7 |
| Пияз баштуу өсүмдүктөр, тамырлуу өсүмдүктөр, дарактар жана башка өсүмдүктөр | 0,1 | 0,1 | – | – | 4,8 | 1,1 | 1,7 |
| Тамеки затынан турган сигареттер | 0,2 | 2,4 | 3,2 | 2,5 | 4,8 | 1,1 | 1,7 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | – | 4,2 | 3,8 | 2,8 | 4,5 | 1,0 | 1,6 |
| Башка товарлар | 337,4 | 248,0 | 97,7 | 74,8 | 57,7 | 7,4 | 11,4 |
| **Бардыгы болуп, алтынды эске албаганда экспорт** | 437,7 | 353,1 | 177,0 | 245,1 | 282,2 | — | 100,0 |
| **Бардыгы болуп, алтынды жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда экспорт** | 244,4 | 264,3 | 134,9 | 238,0 | 275,3 | | |

Эскертүү: УСК нын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде

1 УСКнын айыл чарба продукциялары боюнча (2016-жылга чейин), Улуттук банктын эсептөөлөрүнө ылайык айлар боюнча бөлүштүрүлгөн кошумча баа берүүлөрүн жана жеке адамдардын ЕАЭС өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча УСК тарабынан жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын (2015-жылдын 3-чейрегинен берки), ошондой эле Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

[2] Борттук запастарды ташып чыгаруу.

Кыргыз Республикасынын товарлар экспортунун түзүмүндө, мурдагыдай эле, **кайра иштетүү өнөр жайынын** жана **айыл чарбасынын** продукциялары жогору үлүштү ээлеген. 2017-жылдын январь-март айларында товарлардын ушул категориялары боюнча нарктык көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген, бул металлургия, текстиль жага тигүү өндүрүш көлөмүнүн өсүшү менен шартталган. Атап айтканда, 2017-жылдын январь-март айларында 2016-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда негизги металлды жана даяр металл буюмдарын өндүрүү көлөмүнүн 50,1 пайызга жогорулоосу белгиленген, бул негизги металлдарды өндүрүү көлөмүнүн өсүшү менен шартталган[3]. Бул фактор алтын экспортунун нарктык көлөмүнүн 51,5 пайызга өсүшүнө түрткү берген. Алтын экспортунун нарктык көлөмүнүн көбөйүшү сунуштоонун айкын көлөмүнүн жана орточо баалардын, тиешелүүлүгүнө жараша 44,3 жана 5,0 пайызга[4] өсүшүнөн улам келип чыккан. Бүтүндөй алганда, нарктык көлөмдүн өсүшү бардык негизги ири товардык позициялар боюнча катталган.

[3] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2017-жылдын январь-март айлары)", УСК.

[4] 2017-жылдын январь-март айларында алтындын 1 трой унциясына орточо дүйнөлүк баа 1 182,6 долларды түзгөн, бул 2016-жылдын ушул эле мезгилиндеги баа деңгээлинен 3,1 пайызга жогору; Булагы: Reuters.

МАЗМУНУ

**2-таблица. Экспорттун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүлүшү***

| Аталышы | өлч. бирдиги | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Алтын | *т* | 1,8 | 4,2 | 6,6 | 2,7 | 3,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 92,8 | 168,6 | 256,2 | 99,3 | 150,5 |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | *миң т* | | 20,5 | 2,7 | 11,3 | 17,5 |
| | *млн АКШ доллары* | — | 6,0 | 6,5 | 27,4 | 38,3 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 7,8 | 6,6 | 0,7 | 3,2 | 21,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,5 | 6,0 | 0,3 | 3,1 | 4,9 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган | *миң т* | 3,6 | 2,9 | 4,3 | 3,2 | 2,0 |
| түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *млн АКШ доллары* | 3,3 | 2,1 | 2,4 | 1,9 | 1,5 |
| Металл сыныктары, кара металлургия калдыктары | *миң т* | 19,6 | 14,2 | 17,6 | 2,2 | 25,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,6 | 1,0 | 1,0 | 0,1 | 1,8 |
| Күмүш, платина жана платина топторуна кирген башка | *т* | 0,5 | 1,4 | 1,9 | 1,4 | 2,1 |
| металлдар | *млн АКШ доллары* | 0,4 | 0,9 | 1,2 | 1,5 | 1,2 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде

Тигүү өндүрүшүндө продукция көлөмүнүн 31,9 пайызга көбөйүүсү аялдардын, эркектердин жана балдардын сырткы кийимин[5] тигүү көлөмүнүн көбөйүшүнүн эсебинен шартталган. Натыйжада, кийим-кече жана ага тиешелүүлөр экспорту 41,5 пайызга өсүп, 41,6 млн АКШ доллары чегинде калыптанган. Сунуштоо көлөмүнүн олуттуу көбөйүүсү "эркектер жана балдар үчүн трикотаж же токулган кийим-кечелер" статьясы боюнча байкалган (11,3 млн АКШ долларына).

**3-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кийим-кече жана аларга тиешелүү буюмдар, бардыгы болуп | ***млн АКШ доллары*** | 18,9 | 18,7 | 10,8 | 29,4 | 41,6 |
| Трикотаждан тигилген же токулган эр адамдар жана балдар | *млн даана* | 1,7 | 1,3 | 0,7 | 5,2 | 4,8 |
| үчүн кийим-кече | *млн АКШ доллары* | 0,6 | 0,4 | 0,1 | 17,6 | 28,9 |
| Аялдар жана кыздар үчүн токулган же согулган кийим-кечелер | *млн даана* | 1,1 | 1,4 | 1,9 | 1,1 | 2,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,3 | 1,5 | 1,5 | 4,3 | 5,6 |
| Токулган же токулбаган, согулган же согулбаган кийим- | — | | | | | |
| кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн АКШ доллары* | 2,6 | 1,7 | 0,7 | 0,1 | 3,7 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн трикотаждан тигилген же | *млн даана* | 1,4 | 1,4 | 1,2 | 0,0 | 0,3 |
| токулган буюмдар | *млн АКШ доллары* | 1,9 | 2,5 | 1,3 | 0,3 | 1,9 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж | — | | | | | |
| эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн АКШ доллары* | 0,5 | 0,5 | 0,3 | 0,4 | 1,1 |
| Трикотаждан тигилген же токулган аялдар жана кыздар үчүн | *млн даана* | 9,3 | 9,9 | 7,6 | 1,1 | 0,1 |
| кийим-кече | *млн АКШ доллары* | 12,0 | 11,9 | 6,8 | 6,7 | 0,2 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалгандарды кошпогондо, | — | | | | | |
| кийим-кече буюмдары; баш кийимдер | *млн АКШ доллары* | 0,1 | 0,2 | 0,1 | — | 0,2 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде

2017-жылдын январь-март айларында айыл чарба продукциясын дүңүнөн чыгаруу көлөмүнүн өсүшү мал чарбасы тармагында продукцияны өндүрүү көлөмүнүн жогорулоосу менен шартталган[5]. Мөмө-жемиштерди жана жаңгактарды экспорттоо 18,6 млн долларга же 3,5 эсеге жогорулаган. Бүтүндөй алганда, экспорттун оң динамикасы "жашылчалар" товардык позициясынан тышкары, бардык негизги товардык позициялар боюнча байкалган.

[5] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2017-жылдын январь-март айлары)", УСК.

**4-таблица. Айыл чарбасынын негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | *миң т* | 14,9 | 8,9 | 5,2 | 3,8 | 7,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 8,7 | 4,9 | 5,9 | 5,3 | 18,6 |
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | *миң т* | 50,7 | 69,7 | 39,3 | 64,1 | 22,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 16,4 | 22,6 | 13,2 | 26,6 | 13,0 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 0,0 | 5,0 | 5,4 | 5,2 | 4,2 |
| | *млн АКШ доллары* | – | 4,2 | 3,8 | 2,8 | 4,5 |
| Пахта | *миң т* | 5,1 | 5,9 | 5,3 | 2,4 | 2,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 6,6 | 8,2 | 6,4 | 3,2 | 4,1 |
| Дан азыктарынан, ундан же крахмалдан жасалган азыктар | *миң т* | 0,3 | 0,4 | 0,5 | 0,4 | 0,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,7 | 0,4 | 0,5 | 0,3 | 1,6 |
| Тирүү мал | *миң даана* | 7,0 | 3,9 | 3,7 | 1,1 | 5,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,9 | 2,3 | 1,8 | 0,4 | 1,6 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак-аш азыктары | *миң т* | 1,1 | 0,6 | 0,8 | 0,4 | 0,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,0 | 0,8 | 0,7 | 0,9 | 1,5 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,7 | 1,9 | 0,4 | 0,1 | 0,5 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде

Биринчи чейректин акырына өлкөлөр тобу боюнча тышкы соода түзүмү анчалык өзгөрүүгө дуушар болгон эмес – 63,2 пайызды ЕАЭСтен башка өлкөлөр ээлеген, ал эми ЕАЭСке кирген өлкөлөргө 36,2 пайыз туура келген. Алтынды экспорттоо көлөмүнүн жогорулоосу ЕАЭСтен башка өлкөлөргө экспорттун жалпы көлөмүндө Швейцария үлүшүнүн 56,4 пайызга чейин өсүшүн шарттаган. ЕАЭСтен башка өлкөлөр арасында Түркия менен Кытай соода боюнча олуттуу өнөктөш өлкөлөр катары катталган. Бул өлкөлөргө негизинен асыл металл кен байлыктарын жана концентраттарын, ошондой эле айыл чарба продукцияларын сунуштоо ишке ашырылган.

Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭС өлкөлөрүнө экспорттолгон товарлардын ичинен текстиль өнөр жайы жана айыл чарба продукциясы басымдуу абалды ээлеген. Сунуштоонун олуттуу көлөмү Россия Федерациясына жана Казакстан Республикасына туура келген.

## 5-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | Г'13 | Г'14 | Г'15 | Г'16 | Г'17 | жыйынты-гында, пайыздарда, Г'17 [1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтын** | **Бардыгы болуп** | **92,8** | **168,6** | **256,2** | **99,3** | **150,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Швейцария | 92,8 | 62,1 | 183,4 | 73,1 | 150,5 | 100,0 |
| | БАЭ | — | 105,4 | 64,9 | 25,7 | — | — |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **18,9** | **18,7** | **10,8** | **29,4** | **41,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 1,5 | 0,5 | 0,2 | 14,8 | 34,4 | 82,7 |
| | Казакстан | 17,3 | 18,0 | 10,6 | 14,5 | 7,2 | 17,2 |
| **Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары** | **Бардыгы болуп** | **—** | **6,0** | **6,5** | **27,4** | **38,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | — | 5,6 | 6,5 | 26,1 | 24,3 | 63,3 |
| | Кытай | — | 0,3 | — | 1,3 | 14,0 | 36,6 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **0,7** | **2,0** | **0,6** | **11,6** | **31,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | — | — | — | 9,4 | 23,0 | 73,2 |
| | Казакстан | 0,7 | 1,9 | 0,6 | 2,2 | 8,4 | 26,8 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **8,7** | **4,9** | **5,9** | **5,3** | **18,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,2 | 0,2 | 0,5 | 2,8 | 13,0 | 70,0 |
| | Казакстан | 5,0 | 1,6 | 0,7 | 2,2 | 3,6 | 19,4 |
| **Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар** | | **16,4** | **22,6** | **13,2** | **26,6** | **13,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 1,7 | 0,7 | 1,3 | 10,5 | 4,6 | 35,8 |
| | Казакстан | 7,7 | 8,9 | 2,3 | 3,2 | 2,4 | 18,5 |
| | Сербия | — | 0,8 | 1,3 | 1,6 | 1,5 | 11,3 |
| | Түркия | 2,2 | 9,1 | 6,0 | 7,8 | 1,2 | 9,2 |
| **Авиакеросин** | **Бардыгы болуп** | **31,0** | **20,2** | **18,4** | **6,2** | **9,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 4,4 | 4,5 | 4,1 | 3,5 | 5,3 | 55,3 |
| | Кытай | 2,1 | 1,2 | 0,8 | 1,1 | 2,2 | 22,7 |
| | Монголия | 0,3 | 0,3 | 0,2 | 0,2 | 0,4 | 4,3 |
| | БАЭ | 4,0 | 0,7 | 0,4 | 0,2 | 0,3 | 3,4 |
| **Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **7,4** | **5,4** | **4,6** | **6,7** | **6,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Бельгия | 0,6 | — | 0,8 | 1,7 | 4,2 | 65,9 |
| | Өзбекстан | 1,5 | 2,0 | 1,0 | 0,7 | 1,7 | 26,6 |
| **Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек** | **Бардыгы болуп** | **6,5** | **3,5** | **1,8** | **1,3** | **5,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 3,4 | 1,2 | 0,5 | 0,5 | 2,9 | 59,0 |
| | Россия | 2,8 | 0,2 | — | — | 1,0 | 20,4 |
| | | — | 0,2 | 0,6 | 0,3 | 0,7 | 13,1 |
| | Өзбекстан | 0,3 | 1,9 | 0,7 | 0,5 | 0,4 | 7,5 |
| **Чоюн жана болот** | **Бардыгы болуп** | **5,5** | **6,0** | **0,3** | **3,1** | **4,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 3,9 | 4,9 | 0,1 | 2,9 | 4,3 | 87,7 |
| | Россия | — | — | — | — | 0,6 | 12,1 |
| | Казакстан | 0,5 | 0,9 | 0,2 | 0,2 | — | 0,1 |
| **Пияз баштуу өсүмдүктөр, тамырлуу өсүмдүктөр, дарактар жана башка өсүмдүктөр** | **Бардыгы болуп** | **0,1** | **0,1** | **—** | **—** | **4,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | — | — | — | — | 4,8 | 99,5 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде, УСКнын айыл чарба продукциялары боюнча (2016-жылга чейин), Улуттук банктын эсептөөлөрүнө ылайык айлар боюнча бөлүштүрүлгөн кошумча баа берүүлөрүн жана жеке адамдардын ЕАЭС өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча УСК тарабынан жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын (2015-жылдын 3-чейрегинен берки), ошондой эле Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз.

[1] ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда

МАЗМУНУ

ФОБ баасында **товарлар импорту** 2017-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча 825,5 млн долларды түзүү менен 2016-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 16,0 пайызга жогорулаган.

Отчеттук мезгил ичинде аларга импорттун жалпы көлөмүнүн 22,8 пайызы туура келген “машиналар жана транспорттук жабдуулар” товарлар тобун сунуштоо 4,4 пайызга өскөн. Товардык түзүмдө сунуштоо көлөмүнүн өсүшү “жеңил автоунаалар жана жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттар” жана “электр линиялык телефон жана телеграф аппараттары” статьялары боюнча катталган.

**6-таблица. "Машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобу боюнча негизги товарлар***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы болуп | ***млн АКШ доллары*** | **280,1** | **272,1** | **165,1** | **132,2** | **201,5** |
| Жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган | *миң даана* | 0,4 | 0,8 | 0,6 | 0,1 | 1,3 |
| транспорттук каражаттар | *млн АКШ доллары* | 5,4 | 14,8 | 10,9 | 5,2 | 35,2 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | *млн даана* | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 0,2 | 0,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 10,7 | 13,7 | 10,7 | 11,3 | 19,4 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 12,8 | 10,4 | 6,5 | 12,3 | 12,0 |
| Жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдуулардын | — | | | | | |
| башка категорияда камтылбаган тетиктери | *млн АКШ доллары* | 8,5 | 5,6 | 6,4 | 5,8 | 7,9 |
| Изоляцияланган электр өткөрмөлөрү, кабель | *миң т* | 0,9 | 1,0 | 1,0 | 0,8 | 1,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 4,8 | 3,4 | 4,0 | 2,3 | 6,8 |
| Маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу унаалар | *миң даана* | 114,2 | 101,6 | 68,3 | 52,4 | 74,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,9 | 5,0 | 2,9 | 3,7 | 6,1 |
| Транспорт каражаттары үчүн ичинен күймө поршендик | *миң даана* | 2,7 | 2,9 | 1,5 | 1,6 | 2,9 |
| кыймылдаткычтар | *млн АКШ доллары* | 6,2 | 2,5 | 2,0 | 8,0 | 5,6 |
| Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр чынжырларын кошуу | — | | | | | |
| үчүн электр жабдуулары | *млн АКШ доллары* | 0,2 | 6,6 | 0,3 | 0,2 | 4,8 |
| Кыртышты тегиздөө, казып алуу же бургулоо үчүн каралган | *даана* | 13,0 | 10,0 | 17,0 | 20,0 | 24,0 |
| унаалар | *млн АКШ доллары* | 2,0 | 0,4 | 10,8 | 1,3 | 4,8 |
| Жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар | *миң даана* | 1,6 | 0,4 | 1,3 | 0,1 | 0,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 35,2 | 9,8 | 15,4 | 3,0 | 2,0 |
| Мурда колдонулган жеңил автоунаалар | *миң даана* | 12,8 | 20,3 | 0,4 | – | – |
| | *млн АКШ доллары* | 50,0 | 69,8 | 3,0 | – | – |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 138,4 | 130,2 | 92,2 | 79,1 | 97,0 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

Материал түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлар импортунун нарктык көлөмү 52,4 пайыздык пунктка жогорулап, 201,5 млн АКШ долларын түзгөн. Бул бөлүктүн товардык түзүмүндө өсүш “жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер” (11,3 млн долларга) жана “чоюн жана болот” (28,3 млн долларга) статьялары боюнча байкалган.

Бүтүндөй алганда, бул топко кирген товарлардын көпчүлүгү боюнча нарктык көлөмүнүн жогорулоосу байкалган, ал импорттук контракттык баалардын төмөндөшүнөн улам алып кирүү көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

## 7-таблица. "Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары"*

| | *өлч. бирдиги* | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **172,2** | **178,8** | **139,7** | **128,7** | **186,7** |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн кв.м* | 27,7 | 25,0 | 19,1 | 87,8 | 147,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 11,7 | 12,2 | 6,7 | 33,2 | 44,6 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 60,1 | 70,9 | 83,5 | 58,5 | 55,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 49,7 | 54,6 | 51,1 | 24,1 | 29,9 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *миң даана* | 325,8 | 287,4 | 142,5 | 86,8 | 312,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 21,2 | 14,1 | 6,0 | 5,5 | 15,8 |
| Башка категорияларда камтылбаган, кагаздан жана картондон жасалган буюмдар | *миң т* | 1,5 | 1,7 | 1,9 | 1,4 | 2,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,3 | 5,6 | 6,7 | 4,2 | 8,1 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 7,1 | 7,2 | 8,8 | 5,1 | 6,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 9,1 | 9,1 | 7,8 | 5,3 | 6,1 |
| Жыгач-булалуу плита | *млн кв.м* | 1,1 | 2,0 | 1,3 | 0,1 | 1,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,5 | 3,9 | 2,3 | 1,2 | 5,3 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгач | *млн куб.м* | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 6,9 | 8,1 | 5,0 | 1,8 | 4,5 |
| Башка категорияда камтылбаган кен болбогондордон алынган буюмдар | *миң т* | 7,1 | 8,2 | 366,4 | 558,1 | 145,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,5 | 2,9 | 1,5 | 1,7 | 2,6 |
| Темирден, болоттон жана жезден жасалган мыктар, гайкалар жана чоң бурамалар | *миң т* | 2,7 | 2,1 | 2,2 | 1,8 | 3,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 3,7 | 2,9 | 2,5 | 2,5 | 2,2 |
| Полго төшөлмөлөр | *млн кв.м* | 1,7 | 1,7 | 0,8 | 0,7 | 0,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 3,4 | 3,5 | 2,5 | 2,0 | 2,0 |
| Алюминий | *миң т* | 0,8 | 1,2 | 0,9 | 0,5 | 0,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,5 | 3,3 | 2,7 | 1,4 | 1,9 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 53,7 | 58,5 | 44,8 | 45,8 | 63,6 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

2017-жылдын январь-март айларында ар кандай даяр буюмдарды импорттоо көлөмү 20,3 млн АКШ долларына жогорулап, 186,7 млн долларды түзгөн. Мындай динамика, негизинен, Кытайдан кийим-кечени жана ага тиешелүүлөрдү, ошондой эле бут кийимди импорттоо көлөмүнүн өсүшү менен шартталган. Башка товардык позициялар боюнча импорттун нарктык көлөмүнүн бир аз өзгөрүшү байкалган.

МАЗМУНУ

**8-таблица. "Ар түрдүү даяр буюмдар" тобу боюнча негизги товарлар***

| Товарлардын аталыштары | *өлч. бирдиги* | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **98,7** | **88,0** | **66,4** | **135,5** | **155,8** |
| Бут кийим | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 14,9 | 11,0 | 8,0 | 57,8 | 74,1 |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 41,8 | 35,9 | 18,4 | 34,2 | 46,8 |
| Асынмалары бар жана аларсыз баштыктар | *млн даана* | 0,5 | 0,3 | 0,2 | 2,2 | 2,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,7 | 0,4 | 0,4 | 3,2 | 3,9 |
| Пластмассадан жасалган товарларды ташуу же таңгактоо үчүн | — | | | | | |
| буюмдар | *млн АКШ доллары* | 3,6 | 3,4 | 1,9 | 4,2 | 3,5 |
| Ымыркайлар үчүн коляскалар, оюнчуктар жана спорт | — | | | | | |
| товарлары | *млн АКШ доллары* | 1,9 | 1,5 | 8,8 | 3,4 | 3,0 |
| Башка категорияда камтылбаган, пластмассадан жасалган | — | | | | | |
| буюмдар | *млн АКШ доллары* | 1,9 | 2,6 | 1,8 | 2,6 | 1,6 |
| Пластмассадан жасалган курулуш буюмдары | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 1,7 | 1,9 | 1,0 | 1,1 | 0,9 |
| Блоктук имараттар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 3,0 | – | 0,4 | 1,8 | 0,2 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 29,1 | 31,2 | 25,7 | 27,3 | 21,8 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

2017-жылдын январь-март айларында импорттун **товардык түзүмүндө** “минералдык отун, майлар жана ушул сыяктуу материалдар” бөлүгүнүн товардык позициялар боюнча сунуштоо көлөмүнүн бир аз төмөндөөсү байкалган. Бул топто олуттуу товардык позиция катары мунайзаттары саналат. Отчеттук мезгил ичинде мунай заттарын импорттоонун нарктык көлөмү 2016-жылдагы тиешелүү көрсөткүч деңгээлинде сакталган. Мында, мунай заттарын импорттоо көлөмүнүн бир аз төмөндөшү алардын айкын көлөмүнүн 32,9 пайызга төмөндөшүнөн улам, импорттук баалардын 48,5 пайызга өсүшүнүн эсебинен түптөлгөн.

### 9-таблица. Мунай заттардын импорту*

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 | жыйынтыгында, пайыздарда, I'17 [1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **336,8** | **276,8** | **375,0** | **254,4** | **170,8** | **100,0** |
| | ***млн АКШ доллары*** | **254,9** | **197,6** | **190,2** | **75,7** | **75,4** | **100,0** |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 197,2 | 139,3 | 180,0 | 99,9 | 67,9 | 40,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 133,3 | 90,4 | 94,7 | 26,9 | 29,3 | 13,4 |
| Дизель отуну | *миң т* | 104,7 | 100,3 | 115,9 | 91,7 | 59,2 | 28,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 84,2 | 75,7 | 60,8 | 29,3 | 25,2 | 10,5 |
| Мазут | *миң т* | 1,7 | 12,3 | 56,2 | 34,4 | 25,3 | 19,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,8 | 5,6 | 17,6 | 8,2 | 6,4 | 5,0 |
| Авиакеросин | *миң т* | 27,7 | 16,8 | 15,2 | 14,6 | 8,3 | 5,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 28,4 | 15,6 | 9,9 | 5,6 | 7,8 | 2,1 |
| Майлоочу материалдар | *миң т* | 3,4 | 3,2 | 3,1 | 2,4 | 3,7 | 1,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 6,9 | 6,8 | 5,7 | 3,3 | 4,2 | 1,6 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | – | 2,5 | 0,1 | 0,2 | – | 1,3 |
| | *млн АКШ доллары* | – | 1,4 | 0,1 | – | – | 0,4 |
| Жана башка мунай заттар | *миң т* | 2,2 | 2,4 | 4,4 | 11,3 | 6,6 | 3,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,3 | 2,1 | 1,5 | 2,3 | 2,4 | 0,8 |

* УСКнын СИФ баасында

Импортту **географиялык бөлүштүрүүдө** ЕАЭСтен тышкары өлкөлөрдүн үлүшү 58,4 пайыз чегинде калыптанган. ЕАЭСке кирбеген өлкөлөрдүн ичинен кыйла жогору сунуштоо көлөмү Кытайга (53,7 пайыз), АКШга (10,0 пайыз) жана Түркияга (8,9 пайыз) туура келген. ЕАЭСке кирбеген өлкөлөрдөн алынып келинген товарлар түзүмүндө кездемелерди, кийим-кечелерди, бут кийимди жана электр телефон аппараттарын сунуштоо көлөмүнүн өсүшү белгиленген. Ошону менен бирге, “автоунаалар”, “чоюн жана болот” сыяктуу товарларды импорттоо көлөмү кыскарган.

Импорттун жалпы көлөмүндө ЕАЭСке кирген өлкөлөрдүн салыштырма салмагы 41,6 пайызды түзгөн (2016-жылдын 1-чейрегинде 43,0 пайыз). ЕАЭСке кирген өлкөлөрдөн импорттолгон товарлар түзүмүндө басымдуу абалды, мурдагыдай эле, отун-энергетикалык товарлар ээлеген. Энергетикалык товарларды негизги сунуштоочу катары Россия Федерациясы катталган. ЕАЭС өлкөлөрүнөн мунай заттарынан тышкары керектөө товарлары жана курулуш материалдары алынып келинген.

МАЗМУНУ

## 10-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*

*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 | жыйынтыгында, пайыздарда, I'17 [1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунайзаттар** | **Бардыгы болуп** | **255,4** | **199,0** | **190,2** | **75,7** | **75,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 248,9 | 189,5 | 181,1 | 58,9 | 50,4 | 66,8 |
| | Казакстан | 1,4 | 4,4 | 4,6 | 14,3 | 21,5 | 28,4 |
| | Бельгия | 2,1 | 2,4 | 1,4 | 0,7 | 1,0 | 1,3 |
| | Германия | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,6 | 0,6 | 0,8 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **14,9** | **11,0** | **8,0** | **57,8** | **74,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 10,7 | 6,9 | 4,3 | 54,9 | 68,7 | 92,8 |
| | Түркия | 2,3 | 2,7 | 2,3 | 2,2 | 4,0 | 5,4 |
| | Өзбекстан | 0,8 | 0,4 | 0,5 | 0,4 | 0,5 | 0,7 |
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **127,9** | **140,1** | **50,2** | **24,9** | **53,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 7,6 | 8,5 | 2,8 | 1,1 | 32,7 | 61,3 |
| | АКШ | 12,3 | 8,3 | 3,2 | 5,7 | 7,9 | 14,8 |
| | Кытай | 10,9 | 15,2 | 6,9 | 8,4 | 3,9 | 7,2 |
| | Япония | 28,6 | 53,8 | 7,7 | 1,7 | 0,8 | 1,5 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **41,8** | **35,9** | **18,4** | **34,2** | **46,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 33,9 | 25,6 | 11,2 | 21,2 | 22,5 | 48,2 |
| | Түркия | 6,1 | 7,9 | 4,8 | 9,2 | 15,8 | 33,9 |
| **Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **11,7** | **12,2** | **6,7** | **33,2** | **44,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 10,7 | 10,8 | 5,7 | 32,5 | 43,8 | 98,3 |
| | Түркия | 0,8 | 1,0 | 0,8 | 0,5 | 0,5 | 1,2 |
| **Медикаменттер (ветеринардык медикаменттерди кошо алганда)** | **Бардыгы болуп** | **34,9** | **36,1** | **46,6** | **20,8** | **32,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 4,5 | 2,8 | 4,5 | 2,1 | 5,6 | 17,2 |
| | Индия | 3,1 | 2,8 | 3,4 | 3,7 | 3,8 | 11,6 |
| | Германия | 3,4 | 2,0 | 2,9 | 2,6 | 2,7 | 8,3 |
| | Словения | 1,0 | 2,0 | 2,6 | 1,9 | 1,9 | 5,9 |
| | Венгрия | 1,1 | 2,1 | 1,3 | 1,4 | 1,6 | 4,8 |
| **Чоюн жана болот** | **Бардыгы болуп** | **49,7** | **54,6** | **51,1** | **24,1** | **29,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 28,7 | 27,4 | 25,5 | 14,5 | 19,4 | 65,0 |
| | Казакстан | 6,5 | 8,5 | 9,3 | 4,3 | 6,7 | 22,4 |
| | Кытай | 11,8 | 16,3 | 15,3 | 4,9 | 3,0 | 10,1 |
| | Корея Республикасы | 0,7 | 0,2 | 0,5 | 0,2 | 0,1 | 0,3 |
| **Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары** | **Бардыгы болуп** | **10,7** | **13,7** | **10,7** | **11,3** | **19,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 9,4 | 12,5 | 8,7 | 10,6 | 16,2 | 83,1 |
| **Сүрүлбөгөн же жакшы жонулбаган жыгач** | **Бардыгы болуп** | **0,1** | **—** | **—** | **0,1** | **17,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 0,1 | — | — | 0,1 | 17,2 | 97,0 |
| **Жаратылыш газы** | **Бардыгы болуп** | **28,5** | **23,6** | **18,4** | **16,6** | **16,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | — | — | 18,4 | 16,6 | 14,4 | 87,3 |
| | Өзбекстан | 11,7 | 3,3 | — | — | 2,1 | 12,7 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

[1] ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

*Отчеттук мезгил ичинде эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы бир аз төмөндөгөн.*

**3-график. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча тышкы соода**

*(млн АКШ долларында)*




* УСКнын маалыматтарынын негизинде, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 3,4 пайызга жогорулап, 373,8 млн АКШ доллары чегинде түптөлгөн.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы** 2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча терс түптөлүү менен 30,3 млн долларды түзгөн, ал эми 2016-жылдын ушул мезгил аралыгында бул көрсөткүч 46,6 млн доллар чегинде терс сальдодо катталган эле. Мында, кызмат көрсөтүүлөр импорту 0,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми Кыргыз Республикасынын резиденттеринин резидент эместерге сунуштаган кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 9,2 пайызга өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр экспорту** 171,7 млн доллар чегинде калыптанган, бул товарлар экспортунун бүтүндөй көлөмүнүн 39,7 пайызына ылайык келет. **Кызмат көрсөтүүлөр импорту** 202,1 млн долларды түзгөн, бул товарлар импортунун 22,9 пайызын түзгөн.

**4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2017-жылдын биринчи чейрегинде кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоочу статьялар катары, мурдагыдай эле, кыдыруулар, транспорттук жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр катталган, аларга чогуу алганда эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсүнүн 81,9 пайызы туура келет.

Өтүп жаткан жылдын отчеттук чейрегинин жыйынтыгы боюнча “кыдыруулар” статьясынын сальдосу 5,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн, ал эми 2016-жылдын тиешелүү мезгилинде ал 12,3 млн доллар өлчөмүндө терс мааниде катталган эле.

Отчеттук мезгил аралыгында транспорттук кызмат көрсөтүүлөр сальдосу терс мааниде калыптанып, 49,6 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2016-жылдын биринчи чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 28,8 пайызга жогору. Мында, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 12,8 пайызга жогорулоосу байкалган (транспорттун башка түрлөрүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн көбөйүшүнүн эсебинен), ошол эле учурда импорт боюнча операциялар көлөмү 20,8 пайызга өскөн (темир жол транспорту кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсебинен).

Отчеттук мезгил ичинде ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту терс мааниде түптөлүп, 4,8 млн АКШ долларын түзгөн. Ал эми 2016-жылы бул көрсөткүч 9,6 млн доллар өлчөмүндө оң мааниде калыптанган эле. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр импортунун жана

МАЗМУНУ

экспортунун өзгөрүүсүнө таасирин тийгизген негизги фактор катары консультациялык кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн өзгөрүүсү саналат.

**КИРЕШЕЛЕР**

*Отчеттук жыл ичинде "кирешелер" статьясынын динамикасы, эң башкысы, тике инвестициялар боюнча кирешелер көлөмүнүн өзгөрүүсү менен шартталган.*

2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча "кирешелер" статьясынын сальдосу 56,3 млн доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2016-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 22,6 пайызга аз. Мындай тенденция, негизинен, резидент-компаниялардын чет өлкөлүк тике инвесторлордун пайдасына бөлүштүрүлгөн дивиденд түрүндөгү кирешелер көлөмүнүн 34,2 млн АКШ долларынан 1,7 млн долларга чейин кыскаруусу менен шартталган. Кайра инвестицияланган кирешелер көлөмү жогорулап, 40,9 млн долларды түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде мурда алынган кредиттер боюнча пайыздарды төлөө көлөмү бир аз кыскарып, 16,2 млн доллар чегинде калыптанган. Өлкө резиденттеринин 2017-жылдын биринчи чейрегинде башка инвестициялар боюнча алган кирешесинин көлөмү жогорулап, 6,8 млн доллар чегинде катталган. Бүтүндөй алганда, бул "башка инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын тартыштыгынын 56,8 пайызга (9,3 млн долларга чейин) азайышына өбөлгө түзгөн.

**ТРАНСФЕРТТЕР**

*"Күндөлүк трансферттер" статьясы боюнча түшүүлөр көлөмү жогорулаган, бул эмгек мигранттарынын акча которууларынын таза агымынын өсүшүн шарттаган.*

2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча **күндөлүк трансферттердин** оң балансы 2016-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 29,7 пайызга жогорулоо менен 393,1 млн АКШ доллары чегинде калыптанган. Күндөлүк трансферттер эсебине **расмий** жана **жеке трансферттер** (башка секторлор) өз таасирин тийгизген.

Жеке трансферттер түзүмүндө, мурдагыдай эле, олуттуу үлүштү иштеп жаткандардын акча которуулары ээлеген, алардын салыштырма салмагы жеке трансферттердин дүң көлөмүнүн 99,5 пайызын түзөт. 2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулардын таза агымынын жогорулоосу алардын дүң агымынын 47,8 пайызга көбөйүүсү менен шартталган, ошол эле учурда акча которуулардын агылып чыгышы 23,7 пайызга өскөн.

**11-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*

| | I'13 | I'14 | I'15 | I'16 | I'17 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 386,9 | 349,8 | 219,1 | 253,7 | 392,1 |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 460,6 | 446,4 | 304,7 | 325,5 | 481,0 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системалары боюнча түшүүлөр* | *423,0* | *412,6* | *283,7* | *301,8* | *444,5* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери* [1] | *1,6* | *1,3* | *0,9* | *0,5* | *0,6* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *0,8* | *0,6* | *0,3* | *0,1* | *0,3* |
| *Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрү* [2] | *35,2* | *31,8* | *19,9* | *23,1* | *35,7* |
| 1.1.2. Агылып чыгуу | -73,7 | -96,6 | -85,6 | -71,8 | -88,9 |

* Кошумча баа берүүлөрдү эске алганда, Улуттук банктын маалыматтары боюнча

[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган өлчөмдөгү которуулар эске алынган.

[2] Эмгек мигранттарынын нак формада ишке ашырылган которууларынын бөлүгүн кошумча эсептөө үчүн 10% өлчөмүндө кошумча баа берүүнүн коэффициенти колдонулат.

МАЗМУНУ

Эмгек мигранттарынын республикага акча каражаттарды которуусунун негизги ыкмасы катары, мурдагыдай эле, которуу системасы саналат[6]. 2017-жылдын биринчи чейрегинде которуу системалары аркылуу келип түшкөн каражаттардын көлөмү 444,5 млн АКШ долларын түзгөн[7], бул 2016-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 47,3 пайызга көп. Акча которуулардын географиялык түзүмү өзгөрүүсүз калган. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча акча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (97,4 пайыз) келип түшкөн. Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулар түзүмүндө да басымдуу салыштырма салмак Россия Федерациясына туура келген (98,3 пайыз).

**5-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Акча которуулар соода балансын каржылоонун негизги булагы бойдон калууда. Акча которуулар сальдосу да мурдагыдай эле, керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жабуу үчүн жетиштүү, ал өз кезегинде, 208,1 млн доллар өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

2017-жылдын биринчи чейрегинде мамлекеттик башкаруу секторунун күндөлүк трансферттеринин сальдосу терс мааниде 0,8 млн доллар өлчөмүндө түптөлгөн, ал эми 2016-жылдын ушул эле мезгилинде 40,1 млн доллар өлчөмүндө терс мааниде калыптанган эле. Расмий трансферттердин келип түшүү көлөмүнүн кыскарышы мамлекеттик сектор тарабынан алынган акчалай гранттар көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам шартталган. Отчеттук мезгил ичинде эл аралык уюмдарга төлөнгөн мүчөлүк төлөмдөрдүн көлөмү 25,3 пайызга жогорулап, 1,6 млн АКШ доллары чегинде калыптанган.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

*“Башка инвестициялар” статьясы боюнча таза агылып кирүү көлөмүнүн төмөндөөсүнөн улам капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин оң сальдосунун азаюусу белгиленген.*

2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** 87,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2016-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 383,0 млн АКШ долларына аз.

**6-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу 49,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн, бул 2016-жылдын биринчи чейрегиндеги деңгээлден 2,7 пайызга көп.

[6] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары, ошондой эле "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар.

[7] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз.



МАЗМУНУ

2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча **финансылык эсеп** 37,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн, бул 2016-жылдын январь-март айларында катталган өлчөмдөн 384,3 млн долларга аз. "Тике инвестициялар" жана "башка инвестициялар" статьялар көлөмүнүн кыскарышы финансылык эсептин калыптанышына негизги таасирди тийгизген.

Отчеттук мезгил ичинде "**тике инвестициялар**" статьясы боюнча сальдо терс мааниде түптөлүп, 48,5 млн долларды[8] түзгөн, ал эми 2016-жылдын үч айынын жыйынтыгы боюнча ал 134,8 млн доллар өлчөмүндө оң мааниде калыптанган.

2017-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча республикага "**башка инвестициялар**" статьясы боюнча тартылган каражаттардын таза көлөмү 90,6 млн АКШ долларын түзгөн. Бул статьянын оң сальдодо түптөлүшүнө резиденттердин чет өлкө активдеринин төмөндөшү сыяктуу эле, резидент эместер алдында милдеттенмелердин жогорулоосу да өз таасирин тийгизген.

2017-жылдын январь-март айларында резиденттердин активдери 20,4 млн АКШ долларына азайган. Олуттуу кыскаруу резиденттердин чет өлкө банктарындагы эсептеринде жайгаштырылган активдери боюнча байкалган (29,2 млн АКШ долларына). Мында, дебитордук карыз көлөмү 8,8 млн АКШ долларына жогорулаган. 2017-жылдын март айынын акырына карата абал боюнча дебитордук карыздын дүң көлөмүнүн чогуу алгандагы 75,0 пайызынан көбү электр энергиясы жана газ менен камсыздоо, кайра иштетүү өнөр жайы ишканаларына, ошондой эле кесиптик, илимий жана техникалык ишкердик мекемелерине туура келген. Кароого алынган мезгил ичинде резиденттердин чет өлкө банктардагы эсептеринде жайгаштырылган активдеринин көбөйүшү 9,4 млн долларды түзгөн.

